УДК:94.47 (575.2) (043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-627-634

**Конокбаев Р.Т.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
konokbaev-80@mail.ru

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨГҮ МАЛ ЧАРБАСЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР (1991-2005-ЖЖ.)

**Аннотация:** Эгемендүүлүктүн жылдарында Кыргызстандын региондорунун социалдык–экономикалык турмушундагы көйгөйлүү маселелер чечилмек тургай, мурдагыдан да көбөйдү. Региондордо экономиканын көрсөткүчтөрү төмөндөдү. Мунун натыйжасында, анда жашаган калктын жашоо деңгээли начарлап, жакырчылык күч алды. Азыркы учурда Кыргызстандын региондорунун социалдык-экономикалык турмушу бири биринен кескин айырмаланып, өлкөбүздө ички жана тышкы миграция күч алды. Коом үчүн өзгөчө кооптуу нерсе айрым региондордо жумушсуздук менен жакырчылыктын күчөп баратканы. Натыйжада, азыр коомдук турмуштун бардык жагын комплекстүү камтыган терең мазмундуу, көп жылдарга эсептелген күчтүү социалдык– экономикалык саясаттын зарылчылыгы пайда болду. Экономиканы өнүктүрүп, Кыргызстандын калкын социалдык жактан дайындуу коргой турган таасирдүү системаны түзүү мамлекеттин маанилүү милдети катары эсептелет.Талас облусунун айыл чарба өндүрүшүнүн дагы бир маанилүү тармагы бул мал чарбачылыгы. Талас облусунунун 1991–2005-жылдардагы мал чарбасынын абалын баяндоонун алдында, анын Совет доорунун акыркы жылдардагы абалына токтолобуз. Бул өрөөндүн табигый климаттык шарттары айыл чарба тармактарын өнүктүрүүгө ылайыктуу болгон тууралуу маалыматтар архивдик, статистикалык булактардын негизинде иликтөөгө алынган.

**Негизги сөздөр:** Талас облусу, айылдар, аймактар, мыйзамдар, актылар, климат, табият, өрөөн, тоют.

**Конокбаев Р.Т.**
кандидат исторических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
konokbaev-80@mail.ru

# ИЗМЕНЕНИЯ В ЖИВОТНОВОДСТВЕ В ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЕ (1991-2005-ГГ.)

**Аннотация:** В годы независимости проблемные вопросы социально-экономической жизни регионов Кыргызстана были решены и даже возросли. Экономические показатели в регионах снизились. В результате уровень жизни проживающего там населения ухудшился, а бедность усилилась. В настоящее время социально-экономическая жизнь регионов Кыргызстана резко отличается друг от друга, в нашей стране возросла внутренняя и внешняя миграция. Особую опасность для общества представляет рост безработицы и бедности в некоторых регионах. В результате сейчас возникла необходимость в сильной социально-

экономической политике, имеющей глубокое содержание, комплексно охватывающей все стороны общественной жизни и рассчитанной на многие годы. Важной задачей государства считается создание эффективной системы, которая позволит развивать экономику и социально защищать население Кыргызстана. Еще одной важной отраслью сельскохозяйственного производства Таласской области является животноводство. Прежде чем охарактеризовать состояние животноводства Таласской области в 1991-2005 гг., остановимся на его состоянии в последние годы советской эпохи. Сведения о природно-климатических условиях этой долины, пригодных для развития сельскохозяйственных производств, исследованы на основе архивных и статистических источников.

**Ключевые слово:** Таласская область, села, районы, законы, акты, климат, природа, долина, корма.

**Konokbaev R.T.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
konokbaev-80@mail.ru

## CHANGES IN LIVESTOCK FARMING IN THE TALAS VALLEY (1991-2005)

**Annotation:** During the years of independence, the problematic issues of the socio-economic life of the regions of Kyrgyzstan were resolved and even increased. Economic indicators in the regions decreased. As a result, the standard of living of the population living there worsened, and poverty increased. At present, the socio-economic life of the regions of Kyrgyzstan differs sharply from each other, internal and external migration has increased in our country. The growth of unemployment and poverty in some regions poses a particular danger to society. As a result, there is now a need for a strong socio-economic policy that has deep content, comprehensively covers all aspects of public life and is designed for many years. An important task of the state is considered to be the creation of an effective system that will allow developing the economy and socially protecting the population of Kyrgyzstan. Another important branch of agricultural production in the Talas region is animal husbandry. Before characterizing the state of animal husbandry in the Talas region in 1991-2005, let us dwell on its state in the last years of the Soviet era. Information about the natural and climatic conditions of this valley, suitable for the development of agricultural production, was studied on the basis of archival and statistical sources.

**Key words:** Talas region, villages, districts, laws, acts, climate, nature, valley, forage.

**Актуалдуулугу.** Талас облусунун айыл чарба өндүрүшүнүн дагы бир маанилүү тармагы бул мал чарбачылыгы. Облустун аймагынын басымдуу бөлүгү тоолуу болгондуктан, мурдатан эле айыл чарбанын негизги тармагынын бири мал чарбасы болуп келген. Совет доорунда эле облуста мал чарбасынан алынган продукция жалпы айыл чарбасынын продукциясынын 70 пайызына жакынын түзүп келген. Өрөөндүн чарбаларынын жайыт фондусу жалпы айыл чарба жер аянтынын басымдуу бөлүгүн ээлейт. Бирок, жалаң жайыт оту малды тоют менен камсыз кыла алган эмес. Мал чарбасынын өнүгүшү тоют даярдоого көз каранды болгон.

*Теориялык негиздери.* Ошондуктан, облуста мурдатан эле тоют өсүмдүктөрүн өстүрүүгө олуттуу маани берилип келген. Мисалы, 1991-жылы эле облуста 95.4 миң тонна көп жылдык чөптүн тоюту, 55 миң тонна силос даярдалган [2, 14-б.].

Талас облусунда мал чарбасынын негизги тармагы болуп кой чарбасы эсептелинген. 1991-жылы Талас облусундагы койдун саны республиканын бардык кой чарбасы тармагынын 9 пайызын түзгөн. Талас өрөөнүндө 1990-жылдын 1-январындагы көрсөткүчүнө таянсак, колхоз-совхоздордо койдун саны 781 миң башка жеткен. Талас өрөөнүндө негизинен уяң жүндүү кой өстүрүп, 1992-жылы ар бир 100 тубар койдон орто эсеп менен 98 ден козу, ар бир койдон 3,3 кг дан жүн кыркылып алынган [3, 4-б.].

Бирок, Совет бийлигинин жылдарында кой чарбасын өстүрүүнүн ири зоналарынын бири катары эсептелген. Талас облусунда эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле кой чарбасынын абалы начарлап, койдун саны кескин азайган. Бул жалпы экономиканын күн санап кризиске туштугуу абалы менен шартталган. Талас облусунда эле эмес, жалпы республикада койдун баасы кескин түшүп, койду күнүмдүк керектелүүчү товарларга алмаштырып, соода жүргүзүү көрүнүшү орун алган.

Талас облусунда айыл чарбада кой чарбасынан кийинки эле кирешелүү тармак бул уй чарбасы болуп эсептелген. Алсак, 1993-жылдын 1-январына берилген статистикалык көрсөткүч боюнча облуста 53,4 миң уй (анын ичинен 26 миңи саан) болгон [4, 4-б.]. Өрөөндүн жер шартына ылайык, Таласта негизинен Олуя-ата тукумундагы уйлар багылган. Бирок, уйдун саны да жыл өткөн сайын кескин азайып турган. 1994-жылдын 1-январына карата облуста уйдун саны 20.4 миң (анын ичинен 5,3 миңи саан уй) башты түзгөн.

Талас өрөөнүнүн чарбаларында уйлардын санынын азайганы менен, алардын сапатуулугун жогорулатууга, натыйжалуулугун артырууга өзгөчө көңүл бурула баштаган. Натыйжада, 1990-жылдары бир катар чарбаларда ар уйдан сүт саап алуунун көрсөткүчү жогорулаган. Алсак, Бакай-Ата районундагы «Победа» колхозунда ар уйдан 4200 литр, «Красная заря» колхозу 4850 литр, Күмүштак колхозу 4320 литрден сүт саап алууга жетишишкен. Ал эми Манас районунун Талас колхозунда ар бир уйдан 4270, Караарча колхозу 4360 литр сүт саап алышкан. Ошондой эле Калинин, Урмарал, Октябрдын кырк жылдыгы совхоздору 4300 литр сүт саап алууга жетишкен [6,72-б.].

Олуя-Ата асыл тукум уйларынын сапатын арттыруу максатында жана асыл тукум букалар менен кунаажындарды башка чарбаларга берип туруу максатында, облуста Жерге-Тал асыл тукум заводу уюшулган.

Талас облусунда топоз чарбасынан арзан продукция, тагыраак аайтканда кошумча арзан эт өндүрүлгөн. 1993-жылы өрөөндүн чарбаларында 2567 топоз болгон. Ал негизинен Талас, Бакай-Ата райондорунда, көбүнчө Каракол колхозунда өстүрүлгөн. Орто эсеп менен жылына ар топоздон 230 кг дан эт алынган.

Облуста 1994-жылдын 1январына карата берилген көрсөткүч боюнча 10,5 миң жылкы болгон. Бул республикадагы жылкынын 3 пайызын түзгөн. Талас районундагы 53-жылкы заводу жаңы кыргыз тукумундагы жылкыларды өстүрүп, анын тукумун жакшыртуу боюнча иш жүргүзүп келген. Ошондой эле өрөөндөгү чарбаларда жылкыларды асылдандырып өстүрүүгө көзөмөл жүргүзүп турган.

Совет бийлигинин соңку жылдарында чочко чарбачылыгы боюнча да Талас облусу республикада Чүй өрөөнүнөн кийинки 2-орунду ээлеп турган. Өзгөчө Манас, Бакай-Ата жана Кара-Буура райондору чочко багууга ылайыктуу болгон.

Эгемендүүлүктүн алгачкы беш жылдыгында жамааттык чарбалардагы малдын саны жылдан жылга кескин азайган. Алсак, 1991-жылы чарбалардын бардык категорияларында 90 миң уй (сааны 34 миң) болгон болсо, 1993-жылы облуста бул көрсөткүч эки эсеге кыскарган, ошондой эле кой 950 миңден 408 миңге азайган, чочконун саны 35 миңден 6 миңге түшүп кеткен [8, 4-б.]. 1994–1995-жылдары бул көрсөткүч дагы кыйлага азайган. Мунун башкы себеби, колхоз-совхоздордун акырындык менен жоюлуп, фермердик чарбалар жана жамааттарга бөлүнүү процессинин жүрүшүндө малдын бөлүнүп, фермер, дыйкандар аларды баш–аламан пайдаланылышына, бул болсо малдын санынын кыскарышына алып келген.

Колхоз, совхоздор толук жоюлган мезгилде мал чарбасынан эт өндүрүү жогорулаган. Биз изилдеген 1991-2005-жылдары чарбанын бардык категорияларында эт өндүрүүнүн абалын төмөндөгү таблицадан көрөбүз.

**1-таблица. Облустагы этти өндүрүүнүн абалы (тонна менен)** [8, с.12.]

| **Эт (тонна менен)** | **1991** | **1995** | **2000** | **2005** |
|---|---|---|---|---|
| **Талас облусу анын ичинен** | 21420 | 26090 | 24532 | 25014 |
| **Талас району** | 9842 | 10570 | 6745 | 6752 |
| **Бакай-Ата району** | 3869 | 4500 | 5054 | 5665 |
| **Кара-Буура району** | 3854 | 5477 | 6661 | 6509 |
| **Манас району** | 3654 | 5258 | 5701 | 5691 |
| **Талас шаары** | 201 | 285 | 371 | 397 |

Таблицадан райондор жана жалпы облус боюнча эт өндүрүү кыйла өскөнүн көрөбүз. Анткени, коомдук чарбадан үлүшкө бөлүнгөн малды көбөйтүүнүн ордуна эл аларды союп сатууга аракет жасашкан.

1991–1995-жылдары малдын көбү союлуп кеткен. Ал эми ишкерлер, жеке чарбалар малдын өсүшүн камсыз кыла алышкан эмес. Негизинен, мал чарбасы Талас облусунда эгемендүүлүктүн алгачкы беш жылдыгында төмөндөп, 1996-жылдан тартып гана акырындык менен өсө баштаган.

Агрардык реформанын натыйжасында 1996-жылдан баштап облуста мал чарбасынан өндүрүлгөн продукциянын бир бөлүгү жеке чарбалардан өндүрүлө баштаган. 1999-жылы дыйкан жана фермердик чарбаларда облуста өндүрүлгөн эттин жалпы көрсөткүчүнүн 33% ы, сүттүн 42% ы, өндүрүлгөн. 1999-жылы облуста малдын жана үй канаттууларынын 7,3 миң тонна эти өндүрүлгөн [3, 22-б.]. 2000-жылдагы өндүрүлгөн эттин 42,6% уй эти, 39,7 % кой-эчки эти, 5% чочко, 11% жылкы, 11 % коён жана канаттуулардын эти түзгөн. Бул 1999-жылга салыштырганда, мал чарбасынан өндүрүлгөн продукция бардык райондордо бир кыйла жогорулаган. 1999-жылы 114,5 тонна эт иштетилсе, 2000-жылы ал 212,2 тоннага өскөн. Эгемендүүлүктүн 1999-жылы мал чарбасынан өндүрүлгөн продукциялар, 1995-жылга караганда бир кыйла көбөйгөн. Өндүрүлгөн продукциянын негизги бөлүгү жеке дыйкан (фермердик) жана жеке ишкерлерге таандык болгон. Бирок эт өндүрүү жакшы болгону менен продукцияны кайра иштетүү жагы аксап турган. Алсак, эт иштетилип 2002-жылы 51 тонна жасоо 0,2 тонна гана колбаса жасалган.

2003-жылы облуста 159,6 тонна эт өндүрүлсө, 2004- жылы болсо 170,7 тонна, ал эми 2005-жылы 189,8 тоннага эт өндүрүлгөн.

Эгемендүүлүктүн экинчи беш жылдыгында сүт продукциясы биринчи беш жылдыкка караганда, бир кыйла көбүрөөк өндүрүлө баштаган. Алсак, 2001-жылы 2000-жылга караганда 104,1 пайыз болгон. Сүт өндүрүүдө бардык райондордо жылыш байкалган. Ал эми 2002-жылы мындай жылыш кийинки жылдары да катталган. Талас облусунда акыркы жылдары сырды өндүрүү иши да өнүккөн [8]. Мисалы, 2002-жылы облус боюнча 209,5 тонна сыр өндүрүлгөн. 2003-жылдан баштап мал чарбачылыгынан өндүрүлгөн сүт продукциясын кайра иштетүү иши колго алынган. 2003-жылы 467,2 тонна сыр, 29,4 тонна кефир, 192,1 тонна кургатылган сүт, 6,9 тонна сүт консервалары, 235,7 тонна майдын түрлөрү өндүрүлгөн.

2002-жылга салыштырмалуу 2003-жылы айыл чарбасында сүт продуктуларын өндүрүү бардык категорияда жана бардык райондордо көтөрүлгөн. Тагыраак айтканда, 2002-жылы 73734 тонна сүт өндүрүлсө, 2003-жылы ал 75359 тоннага көбөйгөн [1, с.11.]. 2004–2005 жылдары мал чарбасынан өндүрүлгөн сүт продукциясынын кайра иштетүү облуста жакшы жүрүп, бир кыйла жогорулаган. 2004-жылы 279,1 тонна кургатылган сүт өндүрүлсө, 2005-жылы бул көрсөткүч 337,2 тоннага жеткен [3, с. 2.]. 2004-жылы 538,7 тонна сыр өндүрүлсө, 2005-жылы ал 625,6 тоннага жеткен, 2004-жылы 31,7 тонна кефир өндүрүлсө 2005-жылы ал 37,6 тоннага жеткен, 2004-жылы майдын баардык түрү 336,3 тонна болсо, 2005-жылы 459,0 тоннага көтөрүлгөн [6, с.23.].

Өндүрүштүн дагы бир тармагы болгон жумуртка өндүрүүнүн Талас облусундагы абалын төмөнкү таблицадан көрөбүз.

**2-таблица. Облустагы жумуртка өндүрүүнүн абалы (миң даана менен) [4, 5 б.]**

| **Жылдар** | **1991** | **1995** | **2000** | **2005** |
|---|---|---|---|---|
| **Талас облусу анын ичинен** | 7320 | 9277 | 13103 | 18977 |
| **Талас району** | 897 | 1681 | 2223 | 3455 |
| **Бакай-Ата району** | 985 | 1320 | 2242 | 3420 |
| **Кара-Буура району** | 3101 | 4428 | 5103 | 6349 |
| **Манас району** | 1998 | 1259 | 2841 | 4523 |
| **Талас шаары** | 389 | 589 | 694 | 1230 |

Таблицадагы көрсөткүчтөр боюнча, облуста 1991-жылы 7320 миң даана жумуртка өндүрүлсө, 2005-жылы бул көрсөткүч 18977 миң даанага жеткен. 1991- жылы орто эсеп менен 1500 миң даана жумуртка сатылган. 1995-жылы 1634 миң даана жумуртка ал эми 2000-жылы 3127 миң даана жумуртка сатылган. 1995-2000-жылдардагы маалыматтарда жумуртканы өндүрүү орто эсеп менен ар бир тооктон 121 даанадан жумуртка алышкан. [6,с.8.] Бул мезгилде Кара-Буура районунда ар бир тооктон 140 жумурткадан алышкан. Бул жерде белгилей кете турган жагдай, облуста атайын тоок фермалар же фабрикалар жок болгондуктан, жогорудагы маалыматтар облустун жеке дыйкан чарбаларынын өндүргөн продукцияларынын көрсөткүчтөрү боюнча берилди.

**3-таблица. Облустагы жүндү өндүрүүнүн абалы ( тонна менен)** [5, 12 б.**]**

| **Жылдар** | **1991** | **1995** | **2000** | **2005** |
|---|---|---|---|---|
| **Талас облусу анын ичинен** | 1887 | 1420 | 1157 | 1176 |
| **Талас району** | 889 | 620 | 276 | 295 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Бакай-Ата району** | 367 | 259 | 320 | 290 |
| **Кара-Буура району** | 417 | 343 | 391 | 410 |
| **Манас району** | 201 | 187 | 157 | 163 |
| **Талас шаары** | 13 | 11 | 13 | 18 |

Талас облусу Совет бийлиги учурурнда кой чарбасын өстүрүүгө адистешкен ири зоналардын бири болгондугун айттык. Бирок, эгемендүүлүктүн кийинки жылдарында кой чарбасынын абалы кескин начарлаган. Бул коллективдик чарбалардын, б.а. колхоз, совхоздордун тарап, андагы кой, эчкилердин жеке чарбаларга бөлүнүшү менен түшүндүрүлөт. 1996-жылдан тарта мал чарба продукциясын, өзгөчө жүндү өндүрүү багытында бир аз жылыштар байкалган. Облус боюнча, 1995-жылы 1404 тонна жүн өндүрүлгөн болсо, 1996-жылы ал 1420 тоннага жеткен, тактап айтканда, 1995-жылга караганда 16 тоннага көп өндүрүлгөн. Чарбанын бардык категорияларында продукциялар сатылган. Жүн продукциясын сатуу базар жана бартер жолдору менен ишке ашырылган. Бул жылдары облуста жүн продукциясын өндүрүүдө негизги өндүргүч, бул жеке ишкерлер, жеке чарбалар болгон. 1996–1997-жылы мурунку жылга салыштырмалуу жүн өндүрүү 168 тоннага азайган. Башкача айтканда 11,8 пайызга төмөндөгөн. Себеби биз жогоруда белгилегендей айыл чарбасын реформалоонун натыйжасында, койдун саны кескин азайып, Талас облусунда эле эмес, жалпы республикада койдун тирүү наркы түшүп, кой күнүмдүк керектелүүчү товарларга алмашып, бартердик сооданын каражатына айланган. Кой чарбасынын негизги продукциясы болгон, жүн өндүрүү Талас облусунда эгемендүүлүктүн алгачкы беш жылына караганда, экинчи беш жылдыкта бир аз өсө баштаган. 1998-жылы облустта 574 тонна жүн сатылган.  2000-жылы 581 тонна жүн сатылган.

2000-жылдардын башында кой чарбасынан өндүрүлгөн жүн облустун бардык райондорунда бир азга жогорулаган. Алсак, 2002-жылы 1159 тонна жүн өндүрүлсө, 2003-жылы 1167 тонна жүн өндүрүлгөн [5, 18-б.]. 2004–2005-жылдары деле ушундай көрсөткүч сакталган.

Облуста мал чарбачылыгынан өндүрүлгөн продукциянын ичинен сүт өндүрүнүн абалы да жакшырган. Бул тармактын өнүгүшүн төмөнкү таблицадан көрөбүз.

**4-таблица. Облустагы сүттү өндүрүүнүн абалы (тонна менен)** [3, 72-б.]

| **Жылдар** | **1991** | **1995** | **2000** | **2005** |
|---|---|---|---|---|
| **Талас облусу анын ичинен** | 31810 | 48746 | 68217 | 75016 |
| **Талас району** | 13987 | 16728 | 22233 | 25299 |
| **Бакай-Ата району** | 7211 | 9840 | 14701 | 18561 |
| **Кара-Буура району** | 9245 | 12100 | 16447 | 16652 |
| **Манас району** | 754 | 9273 | 13563 | 12558 |
| **Талас шаары** | 613 | 805 | 1273 | 1946 |

Сүттүн 42 пайызы дыйкан жана фермердик чарбаларда өндүрүлгөн. 1999-жылы облуста 20 миң тонна сүт сатылган. 2000-жылдары ар бир уйдан орто эсеп менен 2212 литрден

сүт өндүрүлгөн. Талас районунда сүт башка райондорго салыштырмалуу көп өндүрүлгөн. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Талас облусунун бардык райондорунда 2000-жылы сүт өндүрүү бир кыйла өскөн. Бул жылы Талас облусунда сүт продукцияларын иштетүү ишинде алга жылуу байкалган. Алсак сыр, май сүт-азыктары, өткөн жылдарга салыштырмалуу бир канча көп иштетилип чыккан. Мисалы, 1999-жылы 98 тонна сыр өндүрүлсө, 2000-жылы 117,8 тоннага жеткен [1, с.5.]. Сүт азыктары каймак, май, быштак ж.б. 1999-жылы 19 тонна өндүрүлсө, 2000-жылы бул көрсөткүч 23,5 тоннага жеткен [5, с.11.].

Эгемендүүлүктүн экинчи беш жылдыгында сүт продукциясы биринчи беш жылдыкка караганда, бир кыйла көбүрөөк өндүрүлө баштаган. Алсак, 2001-жылы 2000-жылга караганда 104,1 пайыз болгон. Сүт өндүрүүдө бардык райондордо жылыш байкалган. Ал эми 2002-жылы мындай жылыш кийинки жылдары да катталган. Талас облусунда акыркы жылдары сырды өндүрүү иши да өнүккөн [9]. Мисалы, 2002-жылы облус боюнча 209,5 тонна сыр өндүрүлгөн. 2003-жылдан баштап мал чарбачылыгынан өндүрүлгөн сүт продукциясын кайра иштетүү иши колго алынган. 2003-жылы 467,2 тонна сыр, 29,4 тонна кефир, 192,1 тонна кургатылган сүт, 6,9 тонна сүт консервалары, 235,7 тонна майдын түрлөрү өндүрүлгөн.

2002-жылга салыштырмалуу 2003-жылы айыл чарбасында сүт продуктуларын өндүрүү бардык категорияда жана бардык райондордо көтөрүлгөн. Тагыраак айтканда, 2002-жылы 73734 тонна сүт өндүрүлсө, 2003-жылы ал 75359 тоннага көбөйгөн [2, с.11.]. 2004–2005 жылдары мал чарбасынан өндүрүлгөн сүт продукциясынын кайра иштетүү облуста жакшы жүрүп, бир кыйла жогорулаган. 2004-жылы 279,1 тонна кургатылган сүт өндүрүлсө, 2005-жылы бул көрсөткүч 337,2 тоннага жеткен [6, с. 2,]. 2004-жылы 538,7 тонна сыр өндүрүлсө, 2005-жылы ал 625,6 тоннага жеткен, 2004-жылы 31,7 тонна кефир өндүрүлсө 2005-жылы ал 37,6 тоннага жеткен, 2004-жылы майдын баардык түрү 336,3 тонна болсо, 2005-жылы 459,0 тоннага көтөрүлгөн [3, с.23.].

**Колдонулган адабияттар**


1. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 1999. – Бишкек, 1999. – 22-с.
2. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 1993 г. – Бишкек, 1993. – 4-с.
3. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 1996 г. – Бишкек, 1996. – 8-с.
4. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 1998 г. – Бишкек, 1998. – 12-с.
5. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 2001 г. – Бишкек, 2001. – 13-с.
6. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 2000 г. – Бишкек, 2000. – 18-с.
7. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 2002 г. – Бишкек, 2002. – 7-с.
8. Аграрный сектор [Текст] // Социально-экон. положение Талас. обл. Отчет за янв.-дек. 2005 г. – Бишкек, 2005. – 23-с.
9. Отражение социально-экономических изменений 20-30 годов В историографии [Текст] / Исабекова Б.Т.// “Научный журнал «Вестник КГУ им. И. Арабаева». – Бишкек, /1, 2019. – С. 298-305.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Алыкулова Г.К.**